**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 24 – августу №28/100**

**Кызыл-Кыя шаарынын 2023-жылдын I жарым жылдыгында социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү багытында аткарылган иштер боюнча Кызыл-Кыя шаарынын мэри А. Маткалыковдун отчету жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы төмөнкүлөрдү белгилейт.

2023–жылдын I жарым жылдыгында шаардын туруктуу өнүгүү стратегиясын жана Кызыл-Кыя шаарынын мэринин шаардын социалдык–экономикалык өнүгүүсү боюнча кабыл алынган 4 жылдык Программасын аткаруунун үстүндө иш жүргүзүлүп, 2023–жылдын I жарым жылдыгында шаардагы бардык өнөр-жай ишканалары, кичи жана орто бизнестин субьектилери социалдык инфраструктураны өнүктүрүү, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү жогорулатуу боюнча бир топ иштерди алып барышты.

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011–жылдын 20–октябрындагы июлундагы №123 Мыйзамынын 34–беренесинин 2–бөлүгүнүн 3)–пункттарына жана 48–беренесинин 12–пунктуна негиз, шаардык кеңештин №52, 15, 25, 24 жана 39 туруктуу комиссияларынын протоколдорун эске алып, Кызыл–Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл–Кыя шаарынын 2023–жылдын I жарым жылдыгында социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү багытында аткарылган иштер боюнча Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковдун отчету «канаатандыралык» деп табылсын.

2. Кызыл–Кыя шаарынын 2023–жылдын I жарым жылдыгында мекеме–ишканалар, уюмдар, комитеттер, башкармалыктар жана башка чарбалык субьектилер тарабынан кабыл алынган социалдык–экономикалык жана маданий көрсөткүчтөрдү камсыз кылууда кемчиликтердин болгону белгиленсин жана быйылкы жылы аларды толук көлөмдө аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардагы мекеме–ишканалардын, уюмдардын, комитеттердин, башкармалыктардын жана башка чарбалык субьектилердин жетекчилерине жүктөлсүн.

3. Менчигинин түрүнө карабастан акционердик коомдордун жана башка чарбалык субьектилердин жетекчилерине экономикалык өсүп өнүгүүгө жетишүү үчүн конкреттүү чараларды көрүү жагы сунуш кылынсын.

4. Кызыл–Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковго милдеттендирилсин:

- макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын көзөмөлдөө, кээ бир аткарылбай калган параметрлерди аткарылышын камсыз кылуу үчүн керектүү чараларды колдонуу жана инвестицияларды тартуу жагы;
- шаардын социалдык инфраструктурасынын өсүп–өнүгүүсү үчүн жергиликтүү бюджеттин жетишсиздигин эске алып, аны толуктоо максатында, түрткү берүүчү гранттарды тартууну активдештирүү жагы;
- шаардын тургундарын, чарбалык субьекттерди суу, электроэнергия жана жылуулук менен, айрыкча кыш мезгилинде үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жагы;

- божомол аналитикалык эсептөөлөр боюнча салыктардын бюджетке, камсыздандыруу төлөмдөрдүн өз убагында жана толук түшүүсүн камсыз кылуу жана кошумча булактарды табуу жагы;
- шаардын пенсионерлерине пенсияларды өз убагында чегерүүнү жана төлөп берилишин камсыз кылуу, пенсияга чыгуу үчүн документтерди кабыл алуу боюнча жаңы киргизилген эрежелердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы;
- шаардагы аз камсыз болгон үй бүлөлөргө социалдык паспортторду толтуруу жана аларга жөлөк пулдарды чегерүүдө, сүйүнчүлөрдү берүүдө орун алган кемчилдиктерди четтетүү, шаар калкын жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча тийиштүү иш чараларды жүргүзүү жагы;
- шаардын тургундарына алгачкы медициналык–санитардык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында "Медициналык тез жардам" атайын жаңы автоунааларын Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлиги жана демөөрчүлөр аркылуу сатып алып келүү боюнча максаттуу иштерди жүргүзүү, шаардагы жалпы балдардын өлүм көрсөткүчтөрүн, СПИД, туберкулез жана башка жугуштуу ооруларды азайтуу боюнча чараларды көрүү жагы;
- шаарда спорт жана дене тарбия тармагын өнүктүрүү, жаштар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жаштарды спорт жана дене тарбия менен машыгууга тартуу жана аларга спорт менен машыгууга тийиштүү шарттарды түзүү боюнча чаралар көрүү жагы;
- шаарда укук бузуулар, диний экстремизм жана легалдуу эмес миграция менен күрөшүүнү күчөтүүгө жана шаардагы коомдук тартипти сактоого көмөк көрсөтүү жагы;
- билим берүү тармагында мектептерге жана балдар бакчаларына балдарды кабыл алууда "Электрондук кезек" системасына киргизүүнүн жүрүшү, имараттардын күз кыш мезгилине даярдоодо, муктаж болгон мектептерди капиталдык ремонттон өткөрүүдө жана окуу куралдары китептер менен камсыздоодо иш аракеттерди жасоо жагы;
- шаарды жашылдандыруу максатында эгилген бак-дарактарга тийиштүү кам көрүү жагы;
- шаардын архитектуралык жактан көрүнүшүн жакшыртуу максатында, шаардын Башкы планын тез арада сапаттуу даярдалышын камсыз кылуу жана мыйзамсыз курулуштарга жол бербөө иштерин күчөтүү жагы.

5. Шаардын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти (И.Салиев), "Караван" аймактык башкармалыгы (Н.Кыпчаков) 2023-жылдын бюджетине бекитилген иш чараларды аткаруу максатында, иш

чараларды мамлекеттик сатып алуулар порталына өз убагында 2023-жылдын үчүнчү кварталы ичи жарыялоону камсыздашсын.

6. Кызыл–Кыя шаарындагы №3 башталгыч мектебинин жанына курулуп баштап токтоп калган мектептин ремонт иштерин кайра жандандыруу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү шаардын мэри А.Маткалыковго милдеттендирилсин.

7. Ушул токтом шаардык кеңештин веб-сайты аркылуу чагылдырылсын.

8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин төрагасы Ж. Калматов жана шаардык кеңештин туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**